# МЕДИЦИНСКИЕ НАУКИ

**УДК: 614.252**

***Аскарбекова Г.А.***
*аспирант Ошского госуд. универ., Кыргызская Республика*
***Исраилова Д.К.***
*аспирант Ошского госуд. универ., Кыргызская Республика*
***Шамшиев А.А.***
*д.м.н., профессор Ошского госуд. универ., Кыргызская Республика*
***Алдашукуров Ы.А.***
*соискатель Ошского госуд. универ., Кыргызская Республика*
***Раззаков А.К.***
*к.м.н., доцент Ошского госуд. универ., Кыргызская Республика*

## БАШТАПКЫ МЕДИЦИНАЛЫК САНИТАРДЫК ЖАРДАМДЫН КӨЛӨМҮН ПЛАНДООНУН ЫКМАЛАРЫ

*Макалада Кыргызстандагы саламаттыкты сактоо экономикасында саламаттыкты сактоону өнүктүрүүнүн рыноктук механизмдерин изилдөө, саламаттыкты сактоонун натыйжалуулугун жогорулатуу көйгөйлөрү, саламаттыкты сактоону стратегиялык жана бизнес-пландаштыруу, медициналык уюмдарда финансылык менеджментти уюштуруу, саламаттыкты сактоо тармагында финансылык башкарууну уюштуруу каралган. Баштапкы медициналык санитардык жардам кызматын жакшыртуу максатында пландаштыруу ыкмасын иштеп чыгуу менен экономикалык ресурстарынын көлөмдөрүн эсептөө жана аларды натыйжалуу пайдалануу. Изилдөөнүн методдору катары саламаттык сактоо системасынын экономикалык практикасы жана белгилүү бир уюштуруу-экономикалык формаларда жүзөгө ашырылуучу медициналык иш-чаралар, баштапкы медициналык санитардык жардамды нормалоо жана пландаштырууда сандык эсептөө ыкмасы колдонулду. Изилдөө учурунда баштапкы медициналык санитардык жардам кызматын нормалоо жана пландаштырууда сандык эсептөө ыкмасы иштелип чыкты. Үй-бүлөлүк медицинанын штаттык нормативдери, калктын врачтар менен камсыз болуусу, тейленген аймакта оорулуулуктун таралышы, демографиялык абалды камтыган медициналык жардамды өнүктүрүүнү камсыз кылуу үчүн аймактын экономикалык мүмкүнчүлүктөрү талданды. Иштелип чыккан ыкмалар калктын саламаттыгын сактоону камсыз кылуу үчүн колдо болгон ресурстарды рационалдуу пайдаланууга мүмкүндүк берет. Кыргызстандагы өлүм көрсөткүчүнүн, оорунун жана майыптуулуктун кыскарышын камтыган - калктын ден соолугун коргоо боюнча мамлекеттик программалардын ишке ашырууда колдонууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *реформа; медицина; менеджмент; камсыздандыруу; эмгек акы; дарыгер; фонду; оорулуулук; каржылоо.*

## МЕТОДИКА ПЛАНИРОВАНИЯ ОБЪЕМОВ ПЕРВИЧНОЙ МЕДИКО-САНИТАРНОЙ ПОМОЩИ

*Статья посвящена изучению рыночных механизмов развития здравоохранения в экономике здравоохранения Кыргызстана, проблемам повышения эффективности здравоохранения, стратегическому и бизнес-планированию здравоохранения, организации финансового управления в медицинских организациях, организации финансового управления в сфере здравоохранения. Расчет объема экономических ресурсов и их эффективного использования путем разработки метода планирования с целью совершенствования первичной медико-санитарной помощи. В качестве методов исследования использовались хозяйственная практика системы здравоохранения и медицинская деятельность, осуществляемая в определенных организационно-хозяйственных формах, регулирование и планирование первичной медико-санитарной помощи. В ходе исследования была разработана методика количественного расчета при стандартизации и планировании первичной медико-санитарной помощи. Проанализированы государственные стандарты семейной медицины, обеспеченность населения врачами, заболеваемость на обслуживаемой территории, экономический потенциал региона по обеспечению развития медицинской помощи, в том числе демографическая ситуация. Разработанные методы позволяют рационально использовать имеющиеся ресурсы для обеспечения здоровья населения. Он может быть использован при реализации государственных программ охраны здоровья населения, в том числе снижения смертности, заболеваемости и инвалидности в Кыргызстане.*

***Ключевые слова:*** *реформа; медицина; менеджмент; страхование; зарплата; врач; фонд; болезнь; финансирование.*

## METHODOLOGY OF PLANNING VOLUME PRIMARY MEDICAL AND SANITARY ASSISTANCE

*The article is devoted to the study of market mechanisms for the development of health care in the health care economy of Kyrgyzstan, the problems of improving the efficiency of health care, strategic and business planning of health care, the organization of financial management in medical organizations, and the organization of financial management in the field of health care. Calculation of the volume of economic resources and their effective use by developing a planning method with the aim of improving primary health care. The economic practice of the health care system and medical activities carried out in certain organizational and economic forms, regulation and planning of primary health care were used as research methods. The study developed a methodology for quantifying the standardization and planning of primary health care. The state standards of family medicine, the provision of the population with doctors, the incidence in the service area, the economic potential of the region to ensure the development of medical care, including the demographic situation, were analyzed. The developed methods make it possible to rationally use the available resources to ensure the health of the population. It can be used in the implementation of state programs for the protection of public health, including the reduction of mortality, morbidity and disability in Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *reform; medicine; management; insurance; salary; doctor; fund; illness; financing.*

Киришүү. Эгемендүү Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсү саламаттыкты сактоо тармагынын алдына жеткиликтүү жана эффективдүү саламаттык сактоо системасын түзүү боюнча принципиалдуу жаңы милдеттерди койду. Заманбап шарттар республиканын саламаттык сактоо тармагында сапаттык системалуу кайра куруууларды, социалдык маанилүү кызмат көрсөтүү секторуна – саламаттыкты сактоо тармагына реалдуу баа берүүнү талап кылат [1].

Өлкөдө саламаттыкты сактоону каржылоо модели экономикалык эффективдүүлүк менен социалдык адилеттүүлүктүн ортосундагы балансты табышы керек. Саламаттыкты сактоо секторун өнүктүрүү процесси – бул саламаттык сактоо тармагындагы концептуалдык, укуктук, уюштуруучулук, технологиялык жана башка системалык реформаларды шайкеш келтирүү [2]. Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын 2011-2010-жылдарга саламаттыкты сактоону өнүктүрүүнүн “Манас”, “Манас таалими” деп аталган Улуттук стратегия (2006-2010-ж.) мамлекеттик программасында тармакты мыйзамдык, инвестициялык, структуралык, экономикалык жана кадрдык жактан колдоо чаралары, тармакты рыноктук мамилелерге ыңгайлаштыруу боюнча чаралар каралган [3].

Саламаттыкты сактоо экономикасында саламаттыкты сактоону өнүктүрүүнүн рыноктук механизмдерин изилдөөгө, саламаттыкты сактоонун натыйжалуулугун жогорулатуу көйгөйлөрүнө, саламаттыкты сактоону стратегиялык жана бизнес-пландаштырууга, медициналык уюмдарда финансылык менеджментти уюштурууга, саламаттыкты сактоо тармагында финансылык башкарууну уюштурууга көп көңүл бурулат [4]. Саламаттыкты сактоону реформалоо баарынан мурда финансылык-чарбалык проблемаларды чечүү үчүн компетенттүү, экономикалык ой жүгүртүүгө жөндөмдүү адистерди даярдоону камсыз кылат [5].

Изилдөөнүн максаты жана милдети: баштапкы медициналык санитардык жардам кызматын жакшыртуу.

- БМСЖды нормалоо жана пландаштыруу ыкмасын иштеп чыгуу.
- саламаттык сактоонун экономикалык ресурстарынын көлөмдөрүн эсептөө жана аларды натыйжалуу пайдалануу.

Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары. Саламаттык сактоо экономикасынын изилдөө объектиси болуп саламаттык сактоо системасынын экономикалык практикасы жана белгилүү бир уюштуруу-экономикалык формаларда жүзөгө ашырылуучу медициналык иш-чаралар колдонулду.

Жыйынтыктар жана талкуулар. Калктын амбулатордук медициналык жардамга муктаждыгынын көлөмү калктын жаш курагына, оорунун структурасына, ошондой эле кечиктирилгис медициналык тез жардамдын жеткиликтүүлүгүнө, өз убагында ооруканага жаткыруу жана

стационардык жардамдын сапатына түздөн-түз көз каранды. Мындан тышкары, амбулатордук медициналык жардамга - медициналык жардамды уюштуруунун сапаты жана жеткиликтүүлүгү (өз убагында диагностикалоо, медициналык текшерүү, алдын алуу, дарылоо жана реабилитациялоо) түздөн түз таасирин тийгизет [6].

БМСЖды (баштапкы медициналык санитардык жардам) нормалоо жана пландаштырууда сандык эсептөө ыкмасын колдонуу. Мындай ыкма демографиялык, экономикалык, уюштуруучулук жана технологиялык мүнөздөгү көптөгөн факторлорду эске алууну талап кылган, татаал жана түйшүктүү методология [7].

Амбулатордук жардамды пландаштыруу керектүү сандагы дарыгерлердик кызматты аныктоого негизделген. Дарыгерлердин санын пландаштыруу үчүн жалпысынан төмөнкү негизги маселелерге талдоо жүргүзүү зарыл:

- штаттык нормативдер боюнча дарыгерлердин саны (учурда колдонулуп жаткан штаттык нормативдерге ылайык);
- врачтар менен камсыз болуусу (отчеттуулук документтердин негизинде);
- тейленген аймакта оорулуулуктун таралышы;
- демографиялык абал;
- медициналык жардамды өнүктүрүүнү камсыз кылуу үчүн аймактын экономикалык мүмкүнчүлүгү.

Врачтык орундардын талап кылынган санын аныктоо үчүн калктын медициналык-профилактикалык жардамга болгон жалпы муктаждыгын дарыгер жыл ичинде көрө ала турган пациенттердин мүмкүн болгон саны менен салыштыруу зарыл [8]. Дарыгердик кызматтын пландаштырылган функциясынын көрсөткүчү төмөнкү формула менен эсептелет: **F = В х Г**, мында F – дарыгердик кызматтын функциясы; В - жумушчу күндүн ичинде дарыгерге кайрылуулардын стандарттык саны; Г - бир жылдагы жумуш күндөрүнүн саны.

Дарыгердик кызматты пландаштырылган көрсөткүчүн эсептегенден кийин врачтардын кызмат орундарынын зарыл болгон саны төмөнкү формула боюнча эсептелет:

$$B = \frac{ЛxH}{Ф},$$

мында: В - дарыгердик кызмат орундарына муктаждык; L - бир жашоочуга жылына амбулатордук кайрылуулардын нормасы; Н – калктын саны; Ф - дарыгердик кызматтын пландуу функциясы.

Мисалы, 10 000 калкы бар аймакта бир кишинин поликлиникадагы врачка кайрылуусу жылына 2 жолу болгон учурда амбулатордук жардамдагы терапевттердин кызмат орундарына болгон муктаждыгын эсептеп чыгалы,

$$B = \frac{2x10000}{(4x5+2x2)x283} = 3 \text{ дарыгердик кызмат.}$$

Амбулатордук жардамдын көлөмүнүн көрсөткүчү оорулуулуктун, кайрылуулардын кайталануусу, медициналык кароонун жана профилактикалык жардамдын деңгээли менен аныкталып, 1000 кишиге келүүлөрдүн саны менен көрсөтүлөт [9].

**П = А х Кп + Д + Пр,**

мында: П - дарыгерге кайрылуулардын саны 1000 адамга, А – оорулуулук *(1000 кишиге)*, Кп – оорунун бир эле түрү менен кайталанып кайрылуу коэффициенти, Д - диспансердик кайрылуулардын саны, Пр – профилактикалык текшерүүлөр, х - көбөйтүү белгиси

Амбулатордук жардамдын тарифтерин түзүү.

Жан башына стандартты аныктоо этаптары:

1. БМСЖ деңгээлинде көрсөтүлө турган медициналык жардамдын түрлөрүн жана көлөмүн аныктоо;
2. Калктын пландаштырылган санын аныктоо (Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлигинин 2009 жылдын 19 майындагы №285 буйругу).
3. Медициналык жардам көрсөтүүнүн көлөмдөрүнүн көбөйүүсүн эсепке алуу менен кара-

жаттардын көлөмүн чыгашаларды эсептөөнүн негизинде БМСЖды каржылоо [10,12].

4. Жан башына нормативи = БМСЖды каржылоого бөлүнгөн каражат / жыныстык жана жаш курактык коэффициенттерди эске алуу менен калктын саны (аймактык географиялык жайгашуусун эске алуу менен да болот).

БМСЖды каржылоодо бардык амбулатордук кызмат уюмдары бирдиктүү структурага киргизилиши керек.

Каржылоонун эки түрү: 1) жан башына - участкалык кызмат; 2) бекитилген калктын санына жараша эсептөө -АПТ (Амбулаториялык - поликлиникалык тарификатор).

Амбулаториялык - поликлиникалык тарификаторду аныктоонун этаптары:

1. Калкка көрсөтүлө турган поликлиникалык кызматтын бир бөлүгү БМСЖ деңгээлинде көрсөтүлөрүн эске алуу менен көлөмүн аныктоо;

2. Медициналык кызматты каржылоо үчүн зарыл болгон каражаттардын көлөмүн аныктоо;

3. Базалык тариф = Калкка көрсөтүлө турган поликлиникалык кызмат үчүн каражаттардын суммасы / Чыгымдардын орточо коэффициенти (Бт=Кс/Чк) менен эсептелинет [11,13].

## Жыйынтык

Иштелип чыккан ыкмалар калктын саламаттыгын сактоону камсыз кылуу үчүн колдо болгон ресурстарды рационалдуу пайдаланууга мүмкүндүк берет. Кыргызстандагы өлүм көрсөткүчүнүн, оорунун жана майыптуулуктун кыскарышын камтыган - калктын ден соолугун коргоо боюнча мамлекеттик программалардын ишке ашырууда колдонууга болот.

### Адабияттар тизмеси:

1. **Аржанцева, О.М.** Рациональное использование ресурсов поликлиники (на примере лечения пациентов с ДГПЖ) [Текст] / О.М. Аржанцева, М.В. Драбкина. // Проблемы управления здравоохранением.- 2002.- №5.- С. 74-75.
2. **Ильина, А.И.** Научное обоснование программы планирования развития амбулаторно-поликлинической помощи населению на региональном уровне [Текст]: автореф. дис. ... канд.мед.наук / А.И.Ильина.- Москва,1998.
3. **Шамшиев, А.А.** Новый формат общественного здравоохранения по южному региону Кыргызской Республики [Текст] / А.А. Шамшиев // Медицина Кыргызстана.- 2012.- № 8. - С. 6-8.
4. **Калиев, М.Т.** Этапы становления и развития системы единого плательщика здравоохранения в Кыргызской Республике [Текст] / М.Т. Калиев // Менеджер здравоохранения.- 2019.- № 5.- С. 61-66.
5. **Мукеева, С.Т.** Проблема семейной медицины в Кыргызстане [Текст] / С.Т.Мукеева // Вестник КГМА им. И.К. Ахунбаева.- Б.: КГМА, 2012.- № 1. - С. 135-143.
6. **Чоюбекова, Г.А.** Экономические основы сферы здравоохранения в Кыргызской Республике[Текст] / Г.А.Чоюбекова, А.А. Кочербаева // Вестник. Серия: Экономика.- Караганда: КГУ, 2019.- Т.94. - № 2. - С. 205-211
7. **Чоюбекова, Г.А.** Современное состояние системы здравоохранения в Кыргызской Республике [Текст] / Г.А.Чоюбекова // Ежеквартальный научно-информационный журнал.- Экономический вестник, 2018. - № 1.- С. 44-48.
8. **Рахыпбеков, Т.К.** Методы экономического анализа в здравоохранении [Текст]: учеб. пособ. / Т.К.Рахыпбеков.- Алматы, 2015.- С. 227-230.
9. **Калиев, М.Т.** Развитие системы единого плательщика здравоохранения в Кыргызской Республике, достижения и уроки [Текст] / М.Т. Калиев // Современные проблемы здравоохранения и медицинской статистики. - 2019. - № 5. - С. 75-76.
10. **Смит, Б.Е.** Семейная медицина-правильный ли выбор для Кыргызстана? [Текст] / Б.Е. Смит // Вестник КГМА им. И.К. Ахунбаева.-Б.: КГМА, 2011.- № 3.- С. 62-70.
11. Программа Правительства Кыргызской Республики по охране здоровья населения и развитию системы здравоохранения на 2019-2030 годы «Здоровый человек - процветающая страна».
12. **Абдурахманов, Ш.Т.** Вопросы оптимизации стационарной медицинской помощи населению в регионах Кыргызской Республики [Текст] / Ш.Т. Абдурахманов, Н.Т. Токтоматов // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2017. – №2. – С. 97–102.
13. **Шериева, Н.Ж.** Основные показатели заболеваемости населения в Ошской области Кыргызской Республики [Текст] / Н.Ж. Шериева, А.А. Шамшиев // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2019. – №3. – С. 104–109.

DOI:10.54834/16945220_2022_2_91

Поступила в редакцию 14. 06. 2022 г.